Чакан ишканаларга кеңеш берүү

# Натыйжалуу дизайн?
# *Биз аны билебиз.*

Швейцариянын каржылык колдоосу менен биз Кыргыз Республикасындагы кийим тигүүчү жеке ишканасына жаңы  технологияларды киргизүү менен  ишкананын өндүрүш процессин натыйжалуураак кылып, каражат айлантуусун эки эсе көбөйтүүгө жардам бердик.



Европейский банк
реконструкции и развития

# Кыргыз Республикасындагы кийим тигүүчү ишкана

**Биздин жардамыбыз менен, Кыргыз Республикасындагы аялдар кийимин тигүүчү «Аселина» жеке ишканасы (ЖИ) өндүрүш процессин жакшыртып, жыл ичинде каражат айлантуусун 90%га жогорулатты. Биз ЖИ жетекчилигин ГРАФИС ылайыкташтырылган автоматтык дизайн системасын ишканага киргизүүгө көмөктөшкөн жергиликтүү консультант менен байланыштырдык. Бул системаны киргизүү даяр продукциянын сапатын бир топ жакшыртууга, таштанды жана бракты азайтууга жана дүң кирешени көбөйтүүгө алып келди.**

Кудайбергенов ЖИси 2000- жылы Кыргыз Республикасында негизделип, «Аселина» соода маркасы астында аялдар кийимин, негизинен юбка жана блузка, тигүүчү үй-бүлөлүк ишкана болуп эсептелет. Жергиликтүү рынокто атаандаштык абдан күчтүү болгондуктан кардарлар сапаттуу продукцияны, арзан бааны жана тез жеткирүүнү тандашат. Бул көрсөткүчтөрдүн бири боюнча эле артта калуу кардарларды жоготууга жана ишкердиктин бир топ басаңдашына алып келет.

Ишкана бизге бир катар көйгөйлөр менен кайрылды. Биринчиден, аларда бардык лекалдар колго жасалып, так эместикке, чийки заттын ашыкча корошуна, өндүрүштүк каталарга алып келип, кийимдин 10-15%ынын сапаты талапка жооп бербей калчу. Экинчиден, лекалдарды колго жасоо өлчөмдөрдү өзгөртүүдө жумушчулардын убакытын көп алып, өндүрүштү басаңдатып, бир моделден экинчисине өтүүгө кеткен убакытты узартчу.



Заманбап технология менен жаңы моделди киргизүүгө мурункудай 14 эмес 3 күн кетет.

Биз ЖИге баштапкы диагностика жасоого жана бул көйгөйлөрдү чечүү үчүн эң туура келген консультантты табууга жардам бердик. Биз текстиль жана токуу тармактарында компьютердик системаларын киргизүүгө адистешкен россиялык КАДРУС ЖАК консультациялык компаниясын тандадык.

Консультант:

- тура келүүчү системаны аныкташ үчүн «Аселина» ЖИсинин өндүрүш циклин тыкан иликтеп чыкты;
- ГРАФИС системасын орнотууга жана ишкананын талаптарына толугураак жооп бере турган кылып аны ылайыкташтырууга жардам берди;
- айрым өндүрүш процесстери өзгөргөндөн кийин ЖИге жаңы иш тартибине өтүүгө көмөктөштү;
- пайдалануунун натыйжалуулугун арттыруу максатында жумушчуларды кайра окутууга жардам берди;
- Кийим бычуу үчүн уникалдуу баштапкы маалымат базасын иштеп чыгууга колдоо көрсөттү.

Бир жылдан соң бул долбоор абдан ийгиликтүү деп табылды. ЖИ жетекчилигинин айтуусунда, ГРАФИС системасын ишканага киргизүү бракты 1-2%га түшүрүп, чийки затты жоготууну 15 %га азайтууга алып келди. Жаңы система ошондой эле жаңы моделдерди киргизүүгө кетүүчү убакытты 14 күндөн 3 күнгө кыскартууга мүмкүндүк берип, ишкананын өткөрмө кубаттуулугун ар бир жумушчуга күнүнө 200дөн 600гө чейин жогорулатууга шарт түздү.

Сапаттын жакшырышы, өздүк баанын арзандашы, өндүрүштүн кубаттуулугунун жогорулашы баары биригип, чет өлкөлөрдөн келген буйрутмалардын 35%га көбөйүшүнө жана каражат айлануунун 2 эсе жогорулашына алып келди. Андан сырткары, каражаттарды үнөмдөө ишканага кошумча жумушчуларды алуу үчүн жаңы цехтин курулушун тездетүүгө жана эмгек шарттарын жакшыртууга жол ачты.

www.ebrd.com/knowhow

Каражат айлантуу
+90%

Кардарлар
+30%

Өндүрүмдүүлүк
+50%

Долбоордун жалпы наркы
6,250 евро

Кардардын салымы
3,125 евро

CASE-KYR-kyr-Jun14